*УДК: 811.512.154.*
*DOI: 10.35254/bhu.2019.47.18*

***Кубатбек кызы Перизат,***
*Ысык-Көл мамлекеттик университети,*
***Дунканаев А.Т.,***
*фил. илимдеринин доктору ЫМУ*

# Б. АЛЫКУЛОВДУН «ЖЕР» АТТУУ ЫРЫНДАГЫ АНТОНИМДЕРДИН КОЛДОНУЛУШУ

# ПРИМЕНЕНИЕ АНТОНИМОВ В СТИХОТВОРЕНИИ «ЖЕР» Б.АЛЫКУЛОВА

# THE USE OF ANTONYMS IN THE POEM "ZHER" BY B.ALYKULOVA

***Аннотация:*** *Макалада Б. Алыкуловдун «Жер» аттуу ырындагы антонимдердин катышы тууралуу статистикалык маалыматтар камтылуу менен, аларды колдонулуш мүнөзү, тилдик каражаттардын көркөм чыгармалардагы ролу, аткарган функциясы көрсөтүлдү. Кыргыз төкмө акындарынын классиги аталган Б.Алыкуловдун чыгармаларындагы тилдик каражаттардын колдонулушу жөнүндө өзгөчө сөз кылууга болот. Анткени кандай гана көрүнүктүү, таланттуу акын-жазуучуларды албайлы, биринчиден, алардын чыгармачылык жүзүн, ой жүгүртүүсүн, жөндөм-талантын сөз байлыгынан байкоого болот, экинчиден, чыгармаларындагы козголгон маселелердин канчалык деңгээлде ишке ашырылгандыгы тилдик каражаттардын колдонулуш мүнөзүнө, маани- маңызына, туюнтулуш ыкмасына көз каранды. Ушундан улам, ар кыл тематикада жазылган Б. Алыкуловдун поэзиясынын тили ар тараптуу изилдөөнүн объектиси боло алат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *антонимдер, карама-каршы маанилер, тилдик каражаттар, лексикалык семантика, сөз айкашы, сүйлөм, стилистика, синтаксис.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается статистика антонимов в стихотворении Б.Алыкулова "Жер", а также характер их применения, роль языковых средств в художественных произведениях, раскрыта их функция.*

*Особо следует подчеркнуть о применении языковых средств в произведениях классика кыргызских акынов-импровизаторов Б.Алыкулова.*

*Какого бы знаменитого, талантливого поэта или писателя не взять, во-первых, можно проследить их творческую личность, мышление, способность, талант и богатство словарного запаса, во-вторых насколько осуществлены затронутые в их произведениях проблемы зависят от характера применения языковых средств, смысла и значения, способа их передачи. В связи с этим язык поэзии Б. Алыкулова, написанная на различный жанр, становится объектом всестороннего исследования.*

***Ключевые слова:*** *антонимы, противоположные значения, языковые средства, лексическая семантика, словосочетания.*

***Annotation:*** *This article discusses the statistics of antonyms in B.Alykulov s poem "Zher", as well as the nature of their use, the role of language means in works of art, and their function.*

*It should be emphasized about the use of language in the works of the classic Kyrgyz akyns-improvisers B. Alykulov.*

*No matter what famous, talented poet or writer is not taken, firstly, it is possible to trace their creative personality, thinking, ability, talent and wealth of vocabulary, secondly, how implemented the problems raised in their works depend on the nature of the use of language means, meaning and significance, the way they are transmitted. In this regard, the language of B. Alykulov's poetry, written in different genres, becomes the object of comprehensive research.*

***Key words:*** *antonyms, opposite meanings, language means, lexical semantics, word combinations.*

Кыргыз төкмө акындарынын классиги аталган Б.Алыкуловдун чыгармаларындагы тилдик каражаттардын колдонулушу жөнүндө өзгөчө сөз кылууга болот. Аларды фонетикалык, фоностилистикалык, лексикалык-семантикалык, синтаксистик, когнитивдик- лингвистикалык, психо-лингивстикалык, стилистикалык, философиялык жана башка багыттарда изилдөө учурдагы маанилүү маселелерден болуп саналат. Анткени кандай гана көрүнүктүү, таланттуу акын-жазуучуларды албайлы, биринчиден, алардын чыгармачылык жүзүн, ой жүгүртүүсүн, жөндөм- талантын сөз байлыгынан байкоого болот, экинчиден, чыгармаларындагы козголгон маселелердин канчалык деңгээлде ишке ашырылгандыгы тилдик каражаттардын колдонулуш мүнөзүнө, маани- маңызына, туюнтулуш ыкмасына көз каранды. Ушундан улам, ар кыл тематикада жазылган Б. Алыкуловдун поэзиясынын тили ар тараптуу изилдөөнүн объектиси боло алат.

Биз бул чакан макала аркылуу улуу акын Б. Алыкуловдун поэзиясынын тилин иликтеп- жиликтеп чыгууну максат кылган жокпуз. Чыгармаларынын тилин кеңири изилдеп чыгуу бир макаланын алкагына сыйбасы да белгилүү. Ал үчүн өзүнчө бир изденүүнү талап кылган чоң эмгек жаралышы керек. Ошондуктан, тек гана, макаланын көлөмүнө жараша, акындын «Жер» аттуу ырындагы антонимдердин колдонулуш өзгөчөлүктөрүнө токтолмокчубуз.

Тилдеги лексикалык каражаттардын бири-антонимдер. Алардын табияты карама- каршы түшүнүктөр менен, тактап айтканда, өз ара бири- бирине карата карама-каршы маанилерди билдириши менен шартталган. Диалектиканын мыйзамына ылайык, жашоотурмуштун өзү карама- каршылыктардан тургандыктан, аларды туюндуруу милдети антонимдер аркылуу жүзөгө ашырылат. Ошондуктан тилде антонимдер оголе кеңири колдонулат жана ошол эле учурда алардын кеңири колдонулуш шартын бир жактуу кароого да болбойт, башкача айтканда, карама- каршылуулуктун табияты, мүнөзү, ченеми, даража- деңгээли ар түрдүү болгондуктан, антонимдердин да аткарган функциясы ар кыл келет.

Көркөм чыгарма тулкусунда антонимдер тек гана карама-каршы маанилерди билдирүү менен гана чектелбейт. Ойду билдирүүдөгү, көркөмдүүлүктү, образдуулукту шарттоодогу, таасирдүүлүктү, угумдуулукту камсыздоодогу, коюлган маселени жеткирүүдөгү антонимдердин аткарган милдети алда-канча кеңири. Бирок акын-жазуучулардын дүйнөгө болгон көз караштары, көркөм ой жүгүртүүлөрү, жазуу ык-амалдары бирдей болбогондуктан, тилдик каражаттарды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү да ар башка болот. Ушул аспекттен алып караганда, Барпынын акын катары тубаса талантын анын чыгармаларындагы тилдик каражаттардын өзгөчө ыкмада, өзгөчө формада колдоно билүүсүнөн байкоого болот. Ал сөзгө маани берип, сөздү ыктуу пайдалана билген акын. Маселен, «Жер» аттуу ырындагы антонимдердин колдонулушу ырдын жандуулугун, көркөмдүүлүгүн арттырып, философиялык көз караштары чагылдырууда ыктуу пайдаланылып, ойдун так жана конкреттүү берилишинде чоң роль ойногондугу ачык байкалып турат:

«Жандуу менен жансызга,
алдуу менен алсызга,
ысык менен ызгаарга.
ыраактагы муздарга;
айбан менен адамга,
ар пуркалуу (түрдүү) заманга;
өлүм менен өмүргө,
чындык менен төгүнгө;
кумдар менен сууларга,
купуя менен чууларга;
жакшы менен жаманга,
адал менен арамга;
караңгы менен жарыкка,
карыбаган тарыхка-
Эне болот улуу жер!
Эге болот сулуу жер!
Жер бетинде бейиш бар,
жер бетинде кейиш бар.
Жер бетинде жыргал бар,
жер бетинде куурал бар.
Жер бетинде өмүр бар,
жер бетинде өлүм бар.
Жер беринде күнөс бар,
жер бетинде күрөш бар.
Бардыгына жер түтөт,
бир кубанып, жүз түтөп.
(1.28-29-б.).

Бул ыр чылгый эле антонимдерден уюшулгандай. Адегенде ырдагы антонимдерге карата статистикалык маалымат бере кетели. 26 саптан турган бул ырдын дээрлик ар бир сабында антонимдик катыштагы сөздөр бар: **жандуу-жансызга, алдуу- алсызга, ысык- ызгаарга, айбан- адамга, өлүм-өмүргө, чындык- төгүнгө, кумдар- сууларга, купуя- чууларга, жакшы-жаманга, адал- арамга, караңгы- жарыкка, бейиш- кейиш, жыргал-куурал, өмүр- өлүм, күнөс-күрөш, бир-жүз, кубанып- түтөп. Булардын ичинен: кумдар-суулар, купуя- чуулар, бейиш-кейиш, күнөс-күрөш, бир- жүз, кубанып- түтөп** 6 жубу контексттик антонимдер болуп саналат да, андан сырткаркыларынын баары- нагыз антонимдер. Кызыгы, ырдагы антоним сөздөрдүн орун алуу, жайгашуу тартиби, сүйлөм куруу ыгы боюнча үч нерсени бөлүп көрсөтүүгө болот.

**Биринчиси, Эне болот улуу жер** деген сапка чейинки антонимдердин бардыгы биригип келип бир жөнөкөй сүйлөмгө сыйдырылып берилген. **Жандуу менен жансызга** ... ыр сабынан **Эне болот улуу жер!** дегенге чейинки 15 сап ыр жолун синтаксистик жактан бир өңчөй мүчөлүү жөнөкөй сүйлөм деп атасак болот. **Эне болот улуу жер** ыр сабына чейинки 11 сап өңчөй антонимдерден уюшулду да, тең байланыштагы сөз айкаштары (жандуу менен жансызга, алдуу менен алсызга ж.б.) катары келди. Демек, ар бир сап сүйлөм эмес, сөз айкашы формасында уюшулду, башкача айтканда, антонимдик катыштагы ар бир жуп бирден сөз айкашын жаратты. Дал ушул өңчөй антонимдерден туруп, тең байланыштагы сөз айкашы формасында уюшулган ыр саптары **Эне болот улуу жер, Эге болот сулуу жер** деген ыр жолдору менен бирдикте бир ыргак, бир дем менен айтылды да, акындын айтайын деген өзүнчө бир жыйынтыкталган оюн камтып турат. Ошон үчүн мында жөнөкөй сүйлөмдүк бир эле айтым бар. **Экинчиси,**

**Жер бетинде бейиш бар,** деген саптан **Жер бетинде күрөш бар** деген сапка чейинки 8 ыр жолу да жалаң антонимдерден турат. Булар өйдөдөгү ыр саптарындай сөз айкашы түрүндө уюшулбастан, ар бир ыр жолу жөнөкөй сүйлөм түзүлүшүндө уюшулган:

Жер бетинде бейиш бар,
жер бетинде кейиш бар.
Жер бетинде жыргал бар,
жер бетинде куурал бар.
Жер бетинде өмүр бар,
жер бетинде өлүм бар.
Жер бетинде күнөс бар,
жер бетинде күрөш бар.

Мындагы ар бир эки сап бир бүтүндүктө келип, синтаксистик жактан тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү шарттап турат. жогорудагы биринчи антонимдер (жандуу-жансызга, алдуу-алсызга ж.б.) бир сапта бир сөз айкашы ичинде удаалаш жыш колдонулуп, өз ара антонимдик катышты түзсө, экинчидеги (бейиш-кейиш, жыргал-куурал ж.б.) антонимдердин түгөйлөрү өз-өзүнчө сүйлөмдөрдөн орун алып, антонимдик катышты биринчи антонимдерге салыштырмалуу аралыктан түзүп турат. Ар бир сабы аяктalгандыкты билдирген айтымга ээ да, эки сабы биригип бир бүтүндүктү билдирип турат, демек экинчи антонимдер катышкан бул бөлүккө мүнөздүү өзүнчө ыргакты шарттаган айтым бар.

**Үчүнчүсү,** ырдын акыркы **Бардыгына жер түтөт Бир кубанып, жүз түтөп** - эки сабы жыйынтыктоочу маанини туюндуруп турат. Мында да антонимдер бар: **бир-жүз, кубанып-түтөп.** Булар – контексттик антонимдер. Жогорудагы биринчи антонимдер сөз айкашы тутумунда, экинчи антонимдер тең байланыштагы татаал сүйлөм тутумунда келсе, бул үчүнчү антонимдер багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм тутумунда колдонулду. **Бардыгына жер түтөт** - баш сүйлөм, **Бир кубанып, жүз түтөп** - багыныңкы жөнөкөй сүйлөм. Мына ушул багыныңкы жөнөкөй сүйлөмдөгү 4 сөз бири-бири менен контексттик антонимдердик катыштарды түзүп турат, антонимдерден башка бир да сөз жок. **Бир - жүз, кубанып- түтөп** контексттик антонимдерди ырдын мазмундуулугун, көркөмдүүлүгүн арттырууда, элестетүүлүгүн, образдуулугун жаратууда зор милдет аткарды.

Демек, карама-каршылыктар болбой, ааламды, табиятты, коомдук-турмуштун өзүн элестетүү мүмкүн эмес. «Бу объективдүү дүйнөнүн өзү эле күн менен түндөн, ак менен карадан, жакшы менен жамандан, адал менен арамдан, катуу менен жумшактан ж.б. толуп жаткан карама-каршылыктардан түзүлүп биригери акыйкат чындык. Алар бири- бирине каршы турган соң, түртүлүшпөй, ажырашпай, кайра тартылышып бир уюлга биригишип турганы да кызык. Көрсө, диалектикалык биримдиктин түбү карама- каршылык деп, бирисиз бири болбосун объективдүү чындык мыйзамдаштырып салган турбайбы». (2.161-б.) Бир чети жердин улуулугунун бир учугу да ушул карама-каршылыктарга негизделгендей. Ушундан улам, Барпы акын жердин улуулугун карама-каршылыктарга негиздеп, таанып сүрөттөп берди. Кыргыздын көрүнүктүү окумуштуусу, адабият таануучусу, сынчысы, Барпынын чыгармаларын терең талдоого алган «Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү» аттуу – илимий эмгектин автору К. Даутов Барпы Алыкуловдун «Жер» деген ырын талдап жатып, акын тууралуу мындайча билдирет: «Барпы Жер санаатын жөн эле ырдаш үчүн ырдаган жок, өзүнө чейинкилерди тек гана кайталап аткаруучулук милдет өтөп жаткан жок, эң эле түпкүрдөгү тамыры мифология менен кошо урук таштап, ошонун ичинен аз-аздап кыймылга келе баштаган бүлбүрөк карапайым диний түшүнүктөрдөн куралган элдик табият таануудан өзөк байлап өнүп келаткан буга чейинки Жер жөнүндө топтолгон түшүнүктөрдүн кырына бекем бут коюп туруп, өзүнүн алда – канча жаңы, кеңири да, өйдө да, ыйык да менчик Жерин жаратып алды. Библия, Курандан тарта Жер жөнүндө түрдүү түшүндүрмөлөр, мактоолор айтылып келатса да, бир дагы акын Жердин улуулугу менен ыйык Энелик табиятын мынчалык даражага жеткирип ырдай алган эмес». (3. 153-б.). Билинип- билинбеген, сезилип сезилбеген улуулуктарды туя билген, сезе билген адам гана улуулук жөнүндө сөз кыла алат. Барпы жердин улуулугун өз көз карашы аркылуу жар салды, Жердик карама-каршылыктардын мыйзам ченемдүүлүгүн, жердин жердиги алар менен бааланаарын, аларсыз жашоо-турмуш болбостугун, алардын маани-маңызын куп келиштирип карама- каршылыктарды туюндуруучу тилдик каражаттардын күчү менен ачып берип отурат.

Бул макалада улуу акын Б. Алыкуловдун «Жер» аттуу ырындагы антонимдердин катышы, колдонулуш мүнөзү жана өзгөчөлүктөрү тууралуу гана сөз болду. Ал эми антонимдердин көркөмдүүлүктү, образдуулукту жаратуучу мүмкүнчүлүктөрү, ойду туюндуруу ыкамалдары, стилистикалык милдеттери жөнүндө сөз али алдыда.

***Адабияттар***


1. *Б.Алыкулов. Чыгармалары: I том, /Түз.-Б.Алыкулов. – Б., 1995, 320 б.*
2. *Дунканаев А.Т. Кыргыз макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү. -Каракол, 2010, 202 б.*
3. *Даутов К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү. –Б., 2003, 400 б.*